УДК 37.013:316.42
DOI 10.58649/1694-9099-2026-2-115-108

Ишекеев Н.
Жусуп Баласагын атындагы КУУ
Ишекеев Н.
КНУ имени Жусупа Баласагына
Ishekeev N.
KNU Jusup Balasagyn

ПАССИОНАРДУУЛУК ЖАНА УЛУТТУК ДЕМ КОНТЕКСТИНДЕГИ ТАРБИЯНЫН КӨЙГӨЙЛӨРҮ
ПРОБЛЕМЫ ВОСПИТАНИЯ В КОНТЕКСТЕ ПАССИОНАРНОСТИ И НАЦИОНАЛЬНОГО ДУХА
PROBLEMS OF UPBRINGING IN THE CONTEXT OF PASSIONARITY AND NATIONAL SPIRIT

Кыскача мүнөздөмө: Бул макалада Л.Н. Гумилёвдун пассионардуулук теориясынын негизинде “Улуттук дем – дүйнөлүк бийиктик” уңгужолунун таалим-тарбиялык, философиялык жана маданий негиздери иликтенет. Изилдөөдө акыл-эс, эмгек, дене, адеп-ахлактык жана эстетикалык тарбиянын өз ара байланышы пассионардуулук феномени аркылуу талданып, жаш муундардын улуттук аң-сезимин, руханий дүйнөсүн жана дүйнөлүк интеллектуалдык деңгээлин калыптандыруудагы орду көрсөтүлөт. Ошондой эле ааламдашуу, санариптешүү жана маданий трансформация шартындагы тарбиянын учурдагы көйгөйлөрү философиялык-педагогикалык өңүттө каралат. Чыңгыз Айтматовдун гуманисттик ойлору аркылуу руханий эс тутумду сактоо, маңкурттук феноменинин алдын алуу жана улуттук баалуулуктарды дүйнөлүк цивилизация менен айкалыштыруу маселелери да кеңири чечмеленет.

Аннотация: В данной статье на основе теории пассионарности Л.Н. Гумилёва рассматриваются философские, педагогические и культурные основы концепции «Национальный дух – мировая высота». Особое внимание уделяется взаимосвязи умственного, трудового, физического, нравственного и эстетического воспитания в контексте формирования пассионарной личности. Анализируются современные проблемы воспитания в условиях глобализации, цифровизации и культурной трансформации общества. Через гуманистические идеи Чингиза Айтматова раскрываются вопросы сохранения духовной памяти, предупреждения феномена манкуртизма и синтеза национальных ценностей с мировыми цивилизационными процессами. Автор подчеркивает значение воспитания как стратегического механизма формирования интеллектуального и духовного потенциала нации.

Abstract: This article examines the philosophical, pedagogical, and cultural foundations of the concept “National Spirit – Global Heights” based on L.N. Gumilev’s theory of passionarity. The study analyzes the interrelation of intellectual, labor, physical, moral, and aesthetic education through the phenomenon of passionarity and its role in shaping the national consciousness, spiritual identity, and global intellectual outlook of the younger generation. Particular attention is paid to contemporary educational challenges in the context of globalization, digitalization, and cultural transformation. Through the гуманistic ideas of Chingiz Aitmatov, the article explores the preservation of spiritual memory, the prevention of the “mankurt” phenomenon, and the synthesis of national values with global civilization. The author emphasizes education as a strategic mechanism for developing the intellectual and spiritual potential of society.

Негизги сөздөр: пассионардуулук; улуттук дем; дүйнөлүк бийиктик; тарбия; этногенез; руханий баалуулуктар; акыл-эс тарбиясы; Чыңгыз Айтматов; гуманизм; маданият.

Ключевые слова: пассионарность; национальный дух; мировая высота; воспитание; этногенез; духовные ценности; интеллектуальное развитие; Чингиз Айтматов; гуманизм; культура.

Keywords: passionarity; national spirit; global heights; education; ethnogenesis; spiritual values; intellectual education; Chingiz Aitmatov; humanism; culture.

Лев Николаевич Гумилев 1912-жылы 1-октябрда Санкт-Петербург шаарында туулган. Ал – белгилүү орус тарыхчысы, этнографы, географы жана философу катары жаамы журтка таанымал. Анын дөөлөттүү илимий изилдөөлөрү, негизинен, этногенез, цивилизациялардын эволюциясы жана түрк элдеринин тарыхынын мезгили менен мейкиндигине багытталган.

Ленинград мамлекеттик университетинин тарых факультетинде окуган. Алгач орто кылымдагы түрк жана моңгол тарыхын изилдөөгө шугулданган. Кийинчерээк Л.Н.Гумилевдин кызыгуу жана кумарлануу чөйрөсү этнография менен тарыхый географияга бурулган.

Кесиптик жана илимий ишмердүүлүгүндө көптөгөн кыйынчылыктарга кабылган. Лагерде болгон (1941–1955). Бирок, ошол эле учурда, ал жеке илимий изилдөөлөрүн өжөрлүк менен улантып, кээ бир эмгектерин жаап-жашырып жазган кесеңдери маалым. 1956-жылы абактан чыккандан кийин илимий ишин токтоосуз демилгелүү жана эпкиндүү уланткан.

Илимий ооматты оболоп, окумуштуу өзүнүн «этногенез» теориясын иштеп чыккан (1960–1980). Бул теория боюнча ар бир этностук топ «пассионардуулук» энергиясына ээ, ал этностун пайда болушу, өсүшү жана жоголушуна таасир этет. Пассионардуулук түшүнүгү окумуштуунун уникалдуу илимий табылгасы жана ачылышы болуп эсептелет. Ал түрк элдеринин жана Орто Азиянын бай тарыхын илимий негизде изилдеп, фундаменталдуу монографияларды, олуттуу макалаларды жазган.

Ырас, илимпоздун даңазалуу жана популярдуулук нөөмөтү 1980–1992-жылдарга бап келет. Анын илимий эмгектери кенен-чонон таанылып, насыйкатталып, айтылуу Москва жана Санкт-Петербург университеттеринде лекцияларын окуган. Ал «Этногенез и биосфера земли», «Древняя Русь и Великая Степь», «Древние тюрки» сыяктуу негизги эмгектерин жарыялаган.

Этногенез жана цивилизациялардын өсүшү боюнча теориялык негиздери тарых илимине жаңы тереңдиктер менен бийиктиктерди алып келген. Түркология жана Евразиянын тарыхы боюнча бир топ студенттерди жана изилдөөчүлөрдү тарбиялаган. 1992-жылы 15-июнда Москва шаарында акка моюн сунган.

Баса, пассионардуулук эмне деген табигый суроо туулат? Соболго алакандын отундай жооп токуп кетели. Бул этностук топтун акыл-туюмундагы, көкүрөк-көөдөнүндөгү туруктуу энергия же ички кыймылдаткыч күч, ал адамды өзүнөн тышкаркы максаттар үчүн аракет кылууга түртөт. Кыскача айтканда, бул – адамдардын, этностордун жогорку демде, жигерде, аракетте туруп өзгөрүүлөр менен жаңылыктардын горизонтуна жана закымдарына умтулуусу.

Л.Н.Гумилевдун теориясында пассионардуу адамдар – жогорку ишенимге, ынанымга, аракетке жана чыдамкайлыкка, бекемдикке, байымдуулукка ээ болгон инсандар. Алар этностун өсүшүн, өркүндөшүн, жаңы жерлерге таралышын, жайылышын жана цивилизациянын өнүгүшүн жана чыңдалышын камсыз кылат. Пассионардуулук деңгээли пас, төмөн, этностор, акыйкатта, өнүкпөй, өспөй, токтоп, дымып калат, башкача айтканда, стагнацияга учурайт. Пассионардык күч-кубат, энергия ар дайым цикл менен өзгөрүп турат: пайда болот, күчөйт, анан акырындык менен азаят. Мисалы, тарыхта өткүр согушчандар, батыл изденүүчүлөр, жаңы мамлекеттерди түзгөн кайраттуу этностор пассионардуу деп эсептелет. Орто Азиядагы көчмөн түрк тайпаларынын батышка жана Европага таралышы – алардын пассионардуу кайрат-кубатынын натыйжасы. Демек, пассионардуулук - бул этностун толугу менен активдүү өнүгүүсү – процессти же системаны алдыга жылдырган түрткү берүүчү негизги күчү, драйвери десек туура болот. Ал эми алсыз болгондо этнос көшүлүп, жымжырттык абалда калат, күчөп турганда толкуп-ташып, жаңы бийиктиктерге жана серелерге кут даарыгандай умтулат.

Пассионардуулуктун жоголушу мүмкүнбү? Суроо проблемалуу, албетте, бул этностун аруу-тилек, максатка умтулуусу, демилге-жигери жана ички энергиясы, социалдык, демографиялык, биохимиялык жана психологиялык факторлордун таасири-шыгабасы аркылуу аста-аста акырын төмөндөшү даректүү. Социалдык-тарыхый жактан алганда, тынчтык, коопсуздук жана туруктуу жашоо

шарттары өкүм сүргөндө, чоң кыйынчылыктар, оорчулуктар болбогондуктан, адамдардын шык-жигердүүлүгү менен дем-дарманы алсырайт. Ошондой эле материалдык байкерчилик көбөйүп, кой үстүнө торгой жумурткалагандай болгондо негизги муктаждыктар, зарылдыктар канааттандырылган чакта активдүү аракетке болгон зарурат төмөндөйт, ал эми кризиссиз доордо (согуш, уруш же чукул кырдаалдар жок болгондо) пассионардык импульс да солгундайт. Демографиялык себептердин ичинде жаңы муундарда жигердүү, демилгелүү адамдардын үлүшүнүн азайышы жана этностун эң эпкиндүү бөлүгүнүн сыртка миграцияга агылышы жалпы энергиянын төмөндөшүнө пайдубал болот. Биохимиялык жана психофизиологиялык факторлордон гормондордун, айрыкча адреналин менен дофаминдин деңгээли төмөндөгөндө демилге бөксөрөт . Стресс жана тынчсыздануу факторлорунун жоктугу да чолок-келте мөөнөттүү активдүүлүктү камсыз кылган гормондордун бөлүнүшүн кыскартат. Мындан тышкары уйку, туура тамактануу жана физикалык шайдоот тариздүү шарттар организмдин күч-кубатына түздөн-түз таасир этет. Идеологиялык жана психологиялык жактан болсо, максаттардын, баалуулуктардын жана мотивациянын жоктугу, маанилүү стимулдардын жоголушу, ошондой эле коркунуч же жаңы мүмкүнчүлүктөр сыяктуу түрткү берүүчү факторлордун аздыгы пассионардуулуктун төмөндөшүнө майдай жагат.

Жалпысынан, аталган теория улуттук уңгужолдун методологиялык-философиялык негизи экендиги айкын.

Акыл-эс тарбиясы жана пассионардуулук. Лев Николаевич Гумилёвдун аталган теориясына ылайык, пассионардуулук – бул жаштарда же этносто табият тарабынан берилген ашыкча ички энергия, ал адамды кадимки жашоо чектеринен чыгып, ашып-ташып, коом үчүн маанилүү иш-аракеттерге барууга түрткү берет. Элдик макалдагыдай, акылды айга умтултат, өнөрдү көккө жеткирет эмеспи. Пассионардуу инсандар жигердүү, демилгелүү, тобокелге даяр жана залкар идеяларды ишке ашырууга жөндөмдүү адамдардын “кошуунун” толуктайт.

Бул теориянын негизинде акыл-эс тарбиясы пассионардуулуктун багытын туура нукка салуучу негизги түзүлүштүн жана механизмдердин бири болуп саналат. Эгер пассионардык энергия билим, илим жана аң-сезим менен терең айкалышпаса, ал бүлүндүрүүчү жана кыйратуучу мүнөзгө ээ болуп кетиши толук ыктымал. Акылы аздын азабы көп болот. Ошондуктан акыл-эс тарбиясынын чечүүчү маселеси – пассионардык жөндөмдөрдү, мүмкүнчүлүктөрдү, потенциалды жамааттык, жалпы элдик социалдык-коомдук пайдалуу жана керектүү изине, өстөнүнө буруу. Акыйкатта, акылдан жакын дос барбы, ачуудан жакын кас барбы?

Буга байланыштуу төмөнкүдөй өзөктүү маселелер келип чыгат. Пассионардык энергияны аң-сезимдүү ишмердүүлүккө айлантуу; акылга сыярлык, натыйжалуу, үнөмдүү ой жүгүртүүнү калыптандыруу; илимий дүйнөтааным аркылуу сезимди, эмоцияны, толкунданууну башкарууга үйрөтүү; жеке кызыкчылыкты жалпы элдик, коомдук максат-мүдөө менен шайкеш келтирүү. Демек, окумуштуунун пикири боюнча, пассионардуу инсандын акыл-эси, интеллектуалдык деңгээли канчалык жогору болсо, анын коом үчүн**,** жалпы эл үчүн тийгизген пайдасы да, кирешеси да, олжосу да ошончолук ийгиликтүү жана жемиштүү болору талашсыз. Дегеним, акыл-алтын, ой-күмүш да, ата-бабалар ишаарат кылгындай.

Акыл-эс тарбиясынын учурдагы максаттары менен милдеттерине байланыштуу төмөнкү проблемаларга да көңүл бура кетүү абзел. Акыл-эс тарбиясы жаштарды илимдин өзөгүн камтыган билимдердин тутуму менен куралдандырып, аны өздөштүрүүгө жана үйрөтүүгө багытталышы лаазым. Бул жараян аркылуу жаштар дүйнө тууралуу илимий көз карашты калыптандырып, акыйкатты таанып-билүү аркылуу акыл-эстик туткада түшүнүүгө жетишет. Илимдердин тутуму боюнча базалык билимдерге ээ болуу аркылуу логикалык ой жүгүртүүнү, эс тутумду, элестетүүнү, көңүлдү топтой билүүнү, ой жүгүртүүнүн сынчыл мүмкүнчүлүктөрүн жана интеллектуалдык талдоонун көндүмдөрүн өркүндөтүүгө карата кең-кесири шарт-жагдайды уюштурары шексиз.

Сомосунан, ар бир өсүп келе жаткан муунда окуу жана таанып-билүү ишмердүүлүгүнө болгон ички түрткүлөр менен шыктанууларды жандантып, ышкыны ойготуп, билимге карата кызыгууну жана кумарды, о.э., өз алдынча билим алууга болгон муктаждык менен зарылдыкты калыптандыруу оң.

Таанып-билүү ишмердүүлүгүндө билимге, билгичтикке жана көндүмдөргө ээ кылуу менен катар чыгармачыл изденүүгө, стандарттан тыш чечимдерди табууга жана ой жүгүртүүнүн жогорку баскычтарына, бийиктиктерине жетүүгө өбөлгө түзүү ийги. Кең-кесири ой менен эрудицияны өнүктүрүп, илимий жана колдонмо илимдер боюнча системалуу билимдерге ээ болууга, дүйнөнү илимий көз карашта кабылдоого, түшүнүүгө жана ишмердүүлүктүн жаңы ыкмаларын, амалдарын өздөштүрүүгө жетишүү эп. Өз билиминин көрөңгөсүн үзгүлтүксүз толуктап, байытып туруу, жалпы жана кесиптик даярдыкты ар качан, дамамат жогорулатуу заруратын пайда кылуу аркылуу “акыл - деңизден терең, билим – тоодон бийик” дегенди айкындоо.

Асыресе, акыл-эс тарбиясынын азыркы күндөгү көйгөйлөрү катары төмөнкүлөрдү бөлүп көрсөтүүгө болот: Жаштарда таанып-билүүгө болгон ички мотивациянын, шыктануунун жетишсиздиги, билим алууга формалдуу мамиленин басымдуулук шыбагасы; теориялык билим менен практикалык ишмердүүлүктүн ортосундагы ажырымдын жана айырмачылыктын чоң болушу; ой жүгүртүүнүн жогорку формаларын (талдоо, сынчыл ой жүгүртүү, жалпылоо) өнүктүрүүгө жетиштүү кырдаал менен шарттардын түзүлбөй калышы; чыгармачыл ой жүгүртүүгө жана типтүү эмес чечимдерди, бүтүмдөрдү кабыл алууга багытталган суроо, тапшырмалардын аздыгы; окуу жараянында окуучулардын жана студенттердин курактык өзгөчөлүктөрү жана жеке мүмкүнчүлүктөрү толук эске алынбоо үлүшү; өз алдынча билим алуу көндүмдөрүнүн начар, ийкемсиз калыптанышы, билимди өз алдынча издеп, талдап пайдалануу билгичтиктердин төмөн жана пас деңгээли; маалыматтык технологияларды жана заманбап билим берүү каражаттарын өтөлгөлүү, майнаптуу колдонуудагы кыйынчылыктар; китеп окуу маданиятынын төмөндөшү жана массалык маалымат каражаттарынын үстүртөн, жондото тийгизген энчиси; мугалимдин кесиптик-методикалык даярдыгынын жетишсиздиги жана окутуунун инновациялык ыкмаларын ыңгайлуу колдонуу маданиятынын чектелиши; билимди үзгүлтүксүз жана тынымсыз жаңылап турууга болгон керектүүлүктүн, аларда толук калыптанбоо үлүшү ж.б.

Улуттук дем – дүйнөлүк бийиктик уңгузолунун нур-шооласы, баамымда, окуучулардан жана студенттерден интеллектуалдык өнүгүүнүн улуттук руханий “сымбаты” менен дүйнөлүк илимий ой жүгүртүүнүн синтези аркылуу дааналанат. Уңгузолдо акыл-эс тарбиясы коомдун башбагыты менен стратегиялык өнүгүүсүн аныктаган өзөктүү себеп-фактору катары айкындалган. Ырас, акыл-эс тарбиясынын негизги чечүүчү маселеси – улуттук аң-сезимдин диахрондуу жана синхрондуу баалуулуктарына ширелген, бирок дүйнөлүк интеллектуалдык деңгээлге умтулган ой жүгүртүү данына жанаштыруу.

Бул багыттагы көйгөйлөр, менимче, ылдыйкылар: Улуттук тарыхый эс тутумду жана маданий түпбелгини (код) сактоо менен глобалдык илимий билимди өздөштүрүүнү дамамат үйрөнүү; улуттук баалуулуктарга каршы келбеген дүйнөлүк инновацияларды кабыл алуу жөндөм-шыгын өнүктүрүү; сенек, догматтык эмес, сынчыл жана стратегиялык ой жүгүртүүнү асыроо; интеллектуалдык көз карандысыздыкты эш туткан эркин ой чабытын бапестөө. Дегеним, акыл - жаштан, асыл – таштан деп, бекер айтылбайт.

Ошентип, бул өңүттөн алганда акыл-эс тарбиясы улуттук демди жоготпой, дүйнөлүк бийиктикке шерденген кыргыз жарандарынын жаңы муунун тарбиялоого багытталат.

Акыл-эс тарбиясы – коомдун интеллектуалдык – социалдык потенциалынын пайдубалын түптөгөн негизги кыймылдаткыч күч жана механизм. Азыркы ааламадашуу, санариптешүү жана билим берүүнүн трансформация шартында акыл-эс тарбиясы орчундуу жана күрдөлдүү проблемаларга бет келүүдө. Бул көйгөйлөр инсандын ой жүгүртүүсүнө, дүйнө таанымына жана социалдык майданына түздөн-түз таасир этүүдө. Алар: Билимдин үстүрттөн үйрөтүлүшү аркылуу терең ой жүгүртүүнүн ачык солгундашы, басаңдашы айкын көрүнүүдө; азыркы учурда маалыматтын көлөмү жана мазмуну өтө тездик менен жаңыланып, бирок билим үстүрттөн, борпоң кабыл алынууда. Окуучу же студент маалыматты түшүнүүдөн көрө, аны тез кабыл алып, тез унутууга ыктап калды. Мындай проблеманын маңызы эмнеде? Ойлонолу. Көрсө билим фактылардын жыйындысына айланып, системалуу, тутумдуу акыл-эс жана ой жүгүртүүнүн эволюциясы бечел жүрүп жаткандай. Ойдун логикалык байланыштарын

уюштуруучу жөндөмү жана системасы алсырап калгандай. Натыйжада, аналитикалык ой жүгүртүүсү начар**,** борпоң, даяр маалыматка көз каранды жаштардын мууну алдыңкы чекке чыгууда.

Сынчыл ой жүгүртүүнүн да жеткиликтүү өнүкпөгөндүгү туюлат. Албетте, сынчыл ой жүгүртүү – акыл-эс тарбиясынын чордону. Бирок, азыркы билим берүү системасында суроо берүү, күмөн саноо, альтернативдүү көз караштарды колдонуу жетиштүү деңгээлде колдоого алынбай келет. Көйгөйдүн маңызы эмнеде? Абройлуу көз карашка сокур ишенүү, даяр жоопторду жаттап алуу, өз алдынча пикир билдирүүдөн коркуу же тайсалдоо өндүү жагдайлар зээнге урунат. Жыйынтыгында, ар түрдүү манипуляцияга оңой алданган, маданий-идеологиялык таасирге бат кабылган жаштардын саны артууда.

Көз алдыбызда улуттун интеллектуалдуу өзөгү дат басууда жана далдыроодо. Глобалдык маалымат мейкиндигинде улуттун тили, элдин тарыхы, маданий-акылман салттары, жөрөлгөлөрү жана өлкөнүн табияты менен географиясы экинчи планга сүрүлүүдө. Чет элдик үлгүлөрдү, моделдерди сынаакысыз көчүрүү, модага айландыруу, улуттук, салтуу ой чайкоо мектебинин алсыроого учурашы, тарыхый эс тутумдун солгундашы таамай-таасын баамдалууда. Акырында, интеллектуалдык жактан билимдүү шекилдүү сымал, бирок улуттук иденттүүлүгү борпоң, тумсак жарандардын “жылдызы” жанууда. Акыл көпкө жеткирет, өнөр көккө жеткирет деген баалуу мурастар “унутулуп” бараткандай.

Дагы бир кызыгы акыл-эс тарбиясы адеп-ахлактык жоопкерчиликтен ажырап калгандай сезилүүдө. Интеллектуалдык өнүгүү адеп-ахлактык нарк-насил менен айкалышпаса, ал коом үчүн опурталдуу факторго айланышы ажеп эмес.

Азыр санарипке көзкарандылык жана акыл-эстин демилгесиздиги алдыңкы өңүттө аңдалууда. Ырас, санарип технологиялар акыл-эс тарбиясын жеңилдеткендей көрүнгөнү менен, чындыгында интеллектуалдык ээринчектикти жана жалкоолукту күчөтүүдө. Бул даяр жоопторго таянууда (ЖИ, интернет), эс тутум жана ой жүгүртүүнүн кашаңдыгында, узак жана стратегиялык ой чайкоого чыдамсыздыктан байкалууда.Ошонун негизинде, өз алдынча ээн-эркин ойлоно албаган жана тез чарчаган интеллектуалдык типтер жаралууда.

Мотивациянын, шыктануунун пасташы жана билимдин дөөлөтүнүн арзандашы сезилүүдө. Акыл-эс тарбиясынын ийгилиги ички илхамга жана ышкыга көз каранды. Азыр билим көп учурда формалдуу максаттарга тушалып калды десек болот. Ал баалуулук эмес, билимди кагаз катары көрүү, дипломго гана ээ болуу, акыл-эс эмгегин баалабоо удулу чыйралууда. Ошентип, илимий жана чыгармачыл потенциалы ажайып, баа-наркына келбеген муун өсүүдө. Жалпылаштырып айтканда, акыл-эс тарбиясынын азыркы проблемалары - бул жөн гана билим берүү туңгуюгу эмес, инсанды жана коомду калыптандыруудагы стратегиялык кризиси. Эгер бул маселелер чечилбесе, интеллектуалдык потенциалы толук ажарына чыкпаган, ошондой эле руханий жана жарандык жоопкерчилиги алсыз коом түзүлүшү айдан ачык экендиги күдүк туудурбайт.

Эмгек тарбиясы жана пассионардуулук. Л.Н.Гумилёв эмгекти пассионардуулуктун сырткы формасы катары караган. Пассионардуу адам өз энергиясын сөзсүз иш-аракетке, эмгек-мээнетке, жаратуучулукка жана түзүүчүлүккө жумшайт. Ошондуктан эмгек – тарбиясы пассионардык энергияны коомдук өндүрүшкө жана маданий ж.б. өнүгүүгө багыттоонун негизги куралы.

Эмгек тарбиясынын мааниси пассионардык умтулууну туруктуу эмгекке жана мээнетке айлантуу, бүлдүрүүчү күч-кубатты жаратуучу, түзүүчү жана ойлоп табуучу ишке буруу, жоопкерчилик жана өзүн-өзү эмгек менен өркүндөтүү, тобокелчиликтен коркпоо, мекен үчүн курмандыкка баруудан жалтанбоо тариздүү сапаттарын өнүктүрүү.

Асыресе, эмгек тарбиясы – инсандын ар тараптан шайкеш жана гармониялуу өнүгүшүн камсыз кылган тарбиялоо жараянынын эң маанилүү компоненттеринин бири. Элибиз айткандай, эмгек азоо ат, биздин максат аны үйрөтүш. Ал өсүп келе жаткан муундарды эмгекке тартуу аркылуу коомдук өндүрүштүн негизги принциптери, эмгек мамилелери жана эмгек каражаттарын туура пайдалануу жөнүндө маалыматты да, түшүнүктү да байытат. Эмгек кылсаң – өрнөк бар. Эмгекке тарбиялоо жараяны – инсандын калыптанышына уңгулуу таасир этүүчү фактор катары анын курчап турган чөйрө менен түздөн-түз байланыштырган ишмердүүлүгү.

Эмгек тарбиясы политехникалык билим берүү менен тыгыз байланышта болуп, экөө бири-бирин үзгүлтүксүз толуктап турат. Коомдун өнүгүшү менен бирге эмгек куралдары да өзгөрүүгө учуроодо. Илим менен техниканын жетишкендиктерине таянуу, жогорку деңгээлде автоматташтырылган жана заманбап технологияларды колдонуу аркылуу өркүндөп-өсүп келебиз. Ушундай шартта эмгек тарбиясы жана политехникалык билим берүү биргелешип төмөнкү түйүндүү милдеттерди жана башбагытты аткарууга мерчемделүүдө. Эмгекке карата ички муктаждыкты, кызыгууну, суктанууну жана парызды калыптандыруу; жаштардын өз мүмкүнчүлүктөрүн ишке ашырууда эмгектин ордун, касиетин туура баалап, ага карата оң эмоциалык-баалуулук мамилени уютуу; эмгек ишмердүүлүгүн практикалык деңгээлде жүзөгө ашырууга, келечектеги кесипти аң-сезимдүү тандоого, жеке жашоодо жана социалдык чөйрөдө өз ордун аныктоого зарыл болгон билимдердин мазмунун тутумдаштыруу; коом үчүн маанилүү болгон жана өндүрүшкө байланышкан тажрыйбаны өздөштүрүү максатында теориялык билимдерди практикада колдонууга шарт түзүү; эмгектин бардык түрлөрүнө сый-урмат менен мамиле кылууга таалимдөө жана алардагы насыйкаттуу нусканы өнүктүрүү ж.б. Асыресе, эмгексиз ырахат жок да!

Бүгүнкү күндө эмгек тарбиясындагы көйгөйлөр арбын, туюмумда, алар: Окуучулардын эмгекке болгон кызыгуунун төмөндүгү, теория менен практиканын байланышынын бошоңдугу, материалдык-техникалык базанын жетишсиздиги, мугалимдердин политехникалык даярдыгынын өксүктүгү, эмгектин айрым түрлөрүнө карата терс жана кери көз караштын кездешүүсү.

Менимче, аларды чечүүнүн төмөнкүдөй төтө жолдорун пайдалануу оң: Эмгек ишмердүүлүгүн кызыктуу, тажырыйбалык жактан таасирдүү жана чыгармачылык формада уюштуруу, долбоорлор, стартаптар ж.б. практикалык сабактарды, лабораториялык жумуштарды жана колдонмолуу иштерди көбөйтүү, билим берүүдө дуалдык түрдү активдүү колдонуу аркылуу өндүрүш менен кызматташуу, окуу жабдууларын жаңылоо, демөөрчүлөрдү тартуу, санариптик технологияларды пайдалануу, кесипкөйлүктү жогорулатуу курстарын уюштуруу, семинарларды, тренингдерди өткөрүү жана тажрыйба алмашуу, бардык эмгектин түрлөрүнүн коомдогу маанисин өрнөктүү түшүндүрүү.

Эмгек тарбиясын улуттук дем – дүйнөлүк бийиктик уңгузолунун көз карашынан кароо – бул эмгекти жөн гана экономикалык ишмердүүлүк катары эмес, элдин руханий маданиятынын, тарыхый тажрыйбасынын, экологиялык-географиялык баалуулуктарынын ажырагыс бөлүгү катары түшүнүү. Кыргыз элинин салт-санаасында эмгек ар дайым адамдын ар-намысынын, жоопкерчилигинин жана коом алдындагы милдетинин фундаменталдуу көрсөткүчү катары бааланып, “ эмгек кылсан жашыңдан, дөөлөт кетпейт башыңдан ” ж.б. деген насыйкаттоо кылымдарды карытууда.

Улуттук тарбия системасында эмгек адамды тартипке, чыдамкайлыкка, сабырдуулукка жана жамаатчылдыкка үйрөткөн негизги каражат болгон. «Эмгек кылган – элге жакын» деген калктагы түшүнүк жаш муундарды ал аркылуу турмушта өз ордун табууга, үй-бүлөгө, коомго, ата-мекенине пайда алып келүүгө багыттаган. Ошондуктан эмгек тарбиясы улуттук бийиктикти жана тереңдикти калыптандыруунун маанилүү фактору экендиги эч кимдин күмөнүн туудурбайт.

Улуттук дем – дүйнөлүк бийиктик көз карашы менен эмгекке мамиле кылуу жаштардын өз элинин тилине, дилине, тарыхына, маданиятына жана салттуу кесиптерине болгон сый-урматты арттырат. Мал чарбачылык, дыйканчылык, кол өнөрчүлүк, устачылык сыяктуу жөрөлгөлүү эмгектин түрлөрү аркылуу өспүрүмдөр улуттук мурастын маани-маңызын терең түшүнүп, тарыхый эс-тутумун алгалап, ата-бабалардын тажрыйбасын улантууга шаңдуу умтулушат.

Мындан тышкары, улуттук дем менен байланышкан эмгек тарбиясы жаштардын өз мээнетине жоопкерчилик менен мамиле кылууга, ар-намыстуулукка жана эмгекке өзүн-өзү тарбиялоону өркүндөтөт. Бул көз караш эмгекти өлкөбүздүн өнүгүүсүнө салым кошо турган тумарлуу баалуулук катары кабылдоонун мезгили менен мейкиндигин кеңейтет.

Жыйынтыктап айтканда, эмгек тарбиясын уңгузолдун тутумунда кароо – бул улуттун өзүн-өзү аңдоосун, руханий байлык менен материалдык дөөлөттү жана заманбап кесиптик даярдыкты айкалыштырган тарбиялоо жараянынын “алтын күзү” десек оң болот.

Дене тарбиясы жана пассионардуулук. Л.Н.Гумилёв пассионардуулукту биосфералык кубулуш катары түшүндүргөн. Анын пикири боюнча пассионардык энергия адамдын психикасы менен гана эмес, физикалык абалы менен да тыгыз байланышта. Ошондуктан элибиз дендин сагы жакшы, дилдин агы жакшы деп айтып келишкен.

Акыйкатта, дене тарбиясы пассионардык энергиянын физиологиялык негизин чыңдайт, активдүү жашоо тилкесин колдойт, узак мөөнөттүү ишмердүүлүккө жөндөмдүүлүктү камсыз кылган булак болот. Дени тазанын деми таза болору айкын.

Физикалык жактан алсыз адам пассионардык потенциалы бар болсо да, аны толук ишке ашыра албайт. Ошондуктан дене тарбиясы пассионардуулуктун туруктуулугун сактоочу, коргоочу уңгулуу фактор жана өзөктүү түшүнүк болуп саналат.

Дене тарбиясы ар бир адамдын туура жана телегейи тегиз, гармониялуу өнүгүшүнө шарт түзөт. Физиологиялык жактан өнүккөн жаштар гана адамдарга ар тараптуу, б.а., сергек, сезгич, кылдат, этият, сак мамиле жасоо ишмердүүлүгүнө ээ. Айтмакчы, дене тарбиясы билим берүү системасындагы өзөктүү бөлүктөрдүн бири экендиги талашсыз.

Ал улуттук маданий баалуулуктарды сактоо менен, дүйнөлүк билим жана ден соолуктун стандарттарына жооп берген жаштардын жаңы муунуна таалим-нуска берүүгө көмөктөшөт. Чыдамкайлык, эрктүүлүк, шамдагайлык тариздүү спорттук сапаттарды өнүктүрүү жаңы көндүмдөрдү үйрөнүү, спорттук машыгууга туруктуу кызыгууну пайда кылуу, өзү жана башкалар үчүн кубанычтуу, сергек чөйрө түзүү өндүү акактай тунук максаттарды көздөйт. Дени соонун жаны соо да.

Бүгүнкү күндөгү бул багыттагы проблемаларды атай кетсек, жаштардын дене таалиминин активдүүлүгүнүн аздыгы жана кыймылсыз жашоо образы, спорттук көнүгүүлөргө жана машыгууларга кызыгуунун төмөндүгү, чоң шаарларда жана айылдарда дене тарбия инфраструктурасынын аздыгы, улуттук кыймылдуу оюндар жана салттуу спорттун колдонулбагандыгы, ден соолукту сактоо, турмуш коопсуздугу жана гигиена боюнча билимдин жетишсиздиги, спорттук окуу китептеринин, окуу-куралдарынын жана методикалык колдонмолордун мамлекеттик тилдеги таңкыстыгы көпчүлүккө маалым.

Аталган көйгөйлөрдү чечүү үчүн дене тарбия сабактарын, спорттук иш-чараларды активдүү өткөрүү, жалпы массалык спорт, улуттук оюндарды кеңири насыйкаттоо, даңазалоо, спорттук инфраструктураны өнүктүрүү менен мектептен тышкаркы борборлорду кеңири уюштуруу, жаштарда сергек жашоо образын калыптандыруу, онлайн, оффлайн программалар аркылуу спортко шыктандыруу, ата-энелерге жана жалпы коомчулукка дене тарбиянын маани-маңызын, нарк-насилин жайылтуу аркылуу улуттук, дүйнөлүк стандарттарга үгүттөө.

Тыянактасак, ар тараптуу жана гармониялуу өнүккөн, шыктуу жаштар даярдалат; улуттук кыймылдуу оюндар аркылуу маданий баалуулуктар сакталат жана өркүндөтүлөт; дүйнөлүк деңгээлдеги сергек, активдүү жана жоопкерчиликтүү коом калыптанат. Уңгужолдо дене тарбиясы улуттук коопсуздуктун жана интеллектуалдык туруктуулуктун биологиялык негизи экендиги жондотуп айтылат. Демек, бул аркылуу дүйнөлүк деңгээлде күчтүү жана атаандаша, эрегише ала турган, бирок улуттук өзөгүн сактаган жаштар тарбияланат.

Адеп-ахлактык тарбия жана пассионардуулук. Окумуштуунун эмгектеринде пассионардык энергиянын кооптуу жагы да белгиленет. Эгер адеп-ахлактык чен-өлчөмдөр чектелбесе, коомду башаламандыкка алып келиши мүмкүн. Пассионардык жигердүүлүк социалдык адеп-ахлакка ылайык жөнгө салынат. Тагыраак айтканда, өз мүдөөсүнөн, кызыкчылыгынан баш тартуу аркылуу адамгерчилик менен мекенчилдикти айкалыштырышат. Бул улуттук баалуулуктарды сактоого жана коргоого көмөктөшөт. Чыныгы пассионардуу жаштар өз максаты үчүн эмес, калктын жана коомдун келечеги менен болочогу үчүн адал кызмат кылат. Албетте, бул сапат адеп-ахлак тарбиясы аркылуу калыптанат жана жүзөгө ашат.

Адеп-ахлактык тарбия ар бир жаш муунга коомдо туура, калыс, акыйкат жүрүүнү, адамдар менен куш, аяр жана астейдил мамиле түзүүнү үйрөтөт. Элибиз адеби жок жигитти, жүгөнү жок атка окшоштурушкан. Аталган тарбия адамзаттын жалпы баалуулуктарына жана кыргыз элинин нукура

каада-салттарына, үрп-адаттарына, көөнө маданиятына негизделет. Адеп-ахлактык тарбияга акыйкаттык менен адилеттүүлүк, айкөлдүк менен баатырдык, чынчылдык менен калыстык, жоопкерчилик менен милдеттүүлүк, абийирдүүлүк менен беделдүүлүк, уяттуулук менен ыймандуулук, боорукердик менен ырайымдуулук, тартиптүүлүк менен иреттүүлүк, ошондой эле, улууларды урматтоо, кичүүлөрдү ызаттоо, эмгекти сүйүү, патриоттук-мекенчилдик сезим, мыйзамды сыйлоо жана кайрымдуулук сыяктуу нарктуу, уңгулуу, касиет-сапаттар уюштурулат.

Жаштарды адеп-ахлактыкка тарбиялоодо төмөнкүдөй маселелер чечмеленет, алсак: Жаштарда адеп-ахлактык акыл- ойду адаттандыруу, этикалык баалуулуктарды туюнуу жана таза ыймандык шыктанууга ээ болуу; кыргыз элинин дөөлөттөөрүн, чыйрак өздөштүрүп, аны өздүк белги-нышаанына айландырууга умтулуу; гумандуулук, абийирдүүлүк, жоопкерчилик, намыс**,** адамдарды сыйлоо, кайрымдуулук сыяктуу изги мүнөздөрдү калыптандыруу; дайыма ак жүрөк, жоомарт, башкага мээримдүү, адептүү мамилелерге каныктыруу; адамзат нарктуулуктарын жеке өзгөчөлүктөрү менен айкалыштыруу аркылуу ширетүү; жарандык патриоттуулукка, ата-мекенди сүйүүгө, табиятка этият жана сезимтал мамиле кылууга тарбиялоо ж.б.

Ошондой эле, улуттук баалуулуктарга карата көңүл-маанайдын бөксөрүшү да жок эмес – кээде жаштар адеп-ахлактык, патриоттук жана коомдук баалуулуктарга карата көрөңгөлүү тарбияны жондото алышат; технологиянын таасири – интернет, социалдык тармактар жана оюндар кээде туура эмес “үлгүлөрдү”, “өрнөктөрдү” көрсөтөт, адеп-ахлахтык аң-сезимге терс, кыйты таасир тийгизет; үй-бүлөлүк тарбиядагы кемчиликтер – кээ бир үй-бүлөлөрдө тарбияга кош көңүл, солгун көңүл бурулат, бала нускалуу мисал көрбөй өсөт; мектептен тышкаркы тарбиянын жетишсиздиги – маданий, спорттук жана коомдук иш-чаралар аз өткөрүлөт же сапаты төмөн; адеп-ахлактык чен-өлчөмдөрдүн коомдо бузулушу – башкалардын туура эмес, одоно терс жүрүм-туруму жаштарга нарктуу үлгү болуп көрүнүшү мүмкүн. Демек, калк айткандай, адепсизден алыс болуу абзел.

Эстетикалык тарбия жана пассионардуулук. Эстетикалык тарбия – улуттук пассионардуулуктун маданий көрүнүшү. Илимпоз этностун пассионардык фазасында маданият, искусство жана архитектура ургалдуу өнүгөөрүн белгилеген. Эстетикалык тарбия пассионардык дем-кубатты руханий шугулдануга багыттайт, этностук иденттүүлүктү сактоого, аны соңку муунга жеткирүүгө жардам жана көмөк берет, көркөм-эстетикалык мурастын улануусун камдуу кылат. Нияты, окумуштуунун теориясына ылайык, тарбиянын бардык түрлөрү пассионардуулукту ойготууга гана эмес, аны туура жана жандуу багыттоого кызмат кылат.

Бул тарбиялоодо – жаштарга эстетикалык чен-өлчөмдөрдү үйрөтүү жана аларды колдонуу маданиятын системага келтирүү оң. Бул жараян искусство жана көркөм чыгармалар аркылуу жүргүзүлөт. Өнүгүп келе жаткан жаш муунга сапаттуу, өзгөчө эстетикалык билим берүү үчүн кыргыз элинин жана дүйнөлүк классикалык эмгектердеги көркөм ажайып баалуулуктарды колдонуу максатка ылайыктуу.

Негизги маселелери төмөнкүлөр: Эстетикалык билимдерди, ата мекендик маданий мурастарды, ошондой эле дүйнөлүк искусстводогу чыныгы сулуулукту баалоо; элдик чыгармачылыктын кооздугун**,** көркөмдүгүн жана жаратылыштагы жалпы жарашыктуулукту эстетикалык чен-өлчөм аркылуу кабыл алуу; туура эстетикалык сезимдерди, табиттерди калыптандыруу, көркөм чыгармачылык аркылуу жашоого жана табиятка карата эстетикалык көз карашты таптоо; дүйнөлүк жана ата мекендик эстетикалык, маданий тарыхый мурастар менен таанышуу; эстетикалык ой жүгүртүүнү жана кабылдоону өнүктүрүү; жашоодо, коомдо жана искусстводо сулуулукту жана гармонияны туура баалоо; эстетикалык идеалдарды иштеп чыгуу; ишмердүүлүктө жана өзүн алып жүрүүдө дайыма жогорку эстетикалык чен-өлчөмдөрдү сактоо жана бапестөө.

Уңгужол – бул жеке адамдын, жалпы мамлекеттин руханий, маданий жана эстетикалык тамырлары аркылуу кылымдардын чакырыктарына интеграцияланган доктрина. Ага ылайык, эстетикалык тарбия – бул түздөн-түз жаш муундун ички жана тышкы дүйнөсүнө, чыгармачылыгына жана маданий баалуулуктарына таасир эткен ажайып процесс.

Эстетикалык тарбия - ар бир жаш муунда айкын эстетикалык баалуулуктарды, нормаларды жана идеалдарды калыптандырууга багытталган керемет.

Анын негизги багыттарын белгилей кетели: Дүйнөлүк жана ата мекендик маданий кенч-мурастар менен таанышуу, искусствodогу нукура сулуулукту көрө билүү; элдик чыгармачылыктын кооздугун жана жаратылыштагы ажайып көркөмдүүлүктү эстетикалык негизде кабыл алуу; жеке эстетикалык сезимдерди машыктыруу, көркөм чыгармачылык аркылуу турмушка жана жаратылышка карата эстетикалык таанымды өнүктүрүү; эстетикалык ой жүгүртүүнү жана кабылдоону өркүндөтүү; турмуштагы, коомдогу жана искусствodо көркөмдүүлүк менен татынакайлуулукту айкын кабылдоо; эстетикалык идеалдарды уюштуруу жана искусствodогу ишмердүүлүктө жогорку эстетикалык чен-өлчөмдөрдү кенчтөө.

Эстетикалык тарбия уңгужолдо улуттук маданияттын дүйнөлүк мейкиндикке чыгуу механизми катары каралат. Сулуулукту улуттук формада насыйкаттоо жана дүйнөлүк тилде көрсөтүү – изги милдет.

Негизги маселелер, албетте, улуттук искусствонун мазмунун бекемдөө, заманбап эстетикалык бычындарды өздөштүрүү, маданий өзгөчөлүктү глобалдык стандартка ылайык көрсөтүү жана чыгармачыл интеллигенцияны тарбиялоо. Баамымда, эстетикалык тарбия – улуттук демди дүйнөлүк маданий бийиктикке туташтыруучу көпүрө тариздүү.

Сомосунан айтканда, улуттук дем – дүйнөлүк бийиктик уңгужолунун мейкиндигиндеги таалим-тарбия жаштардын улуттук өзөгүн жана тамырын кынтыксыз коргоо менен, аны глобалдык деңгээлде атаандаша ала турган сапат-касиетке жана нарк-дөөлөткө жеткирүүгө багытталат.

Өйдөкү аталган таалим-тарбиялардын системасында акыл-эс тарбиясы – пассионардык энергияны аң-сезимге баш ийдирет, стратегиялык ой жүгүртүүнүн логикасын уюштурат. Эмгек тарбиясы – практикалык жаратуучулукту иш-аракетке айлантат; дене тарбиясы – биологиялык негизин чыңдайт жана анын туруктуулугун өркүндөтөт. Адеп-ахлак тарбиясы – руханий өзөктүн коомдук чектерин аныктайт. Эстетикалык тарбия – руханий жана маданий деңгээлди көтөрөт, анын бийиктиктерин жана чексиздиктерин дааналайт.

Жеңил-желпи турмуш жаштарды чыйралтпайт, улуттук иденттүүлүктү да калыптандырбайт, Чөлкөм туруктуу жана бейпил болсо жаштардын да келечеги кең болот. Жаштар өзүн-өзү көзөмөлдөй алса, анда алар өзүн курча турган дүйнөнү да башкара алат. Биздин көздөгөн мерчемибиз – элибиздин бактылуу болушу, ал эми бак-таалайды кийинкиге жылдырууга болбойт. Биздин өлкөбүз байыркы, элибиз керемет. Биздин болочоктогу жетишкендиктерибиздин сереси чексиз болооруна күмөнүм жок. Жаштардын тарбиялуулугу бул акылдын, жаңычылдыктын, күчтүү мүнөздүн жана даркан кубулуштарга умтулуунун синтези. Биздин коом табиятынан айкөл жана дилинен боорукер жаштарга муктаж. Өлкөлөрдүн жана цивилизациялардын өнүгүүсү билим берүүдөн башталат. Улуттун келечеги анын мектептеринин ал-абалында. Билим жана тарбия жеңишке карай эң төтө жол.

Чыңгыз Айтматов көркөм-философиялык ой жүгүртүүсүндө адам менен коомдун, адам менен жаратылыштын, тарых менен эс тутумдун ортосундагы экзистенциалдык, болмуштук байланыштарды терең ачып берген улуу ойчул катары дүйнөлүк гуманитардык мейкиндикте өзгөчө орунду ээлейт. Анын чыгармаларындагы “маңкурттук” феномени - бул жөн гана көркөм образ эмес, ал цивилизациялык эс тутумунан ажыраган коомдун руханий деградациясынын философиялык, педагогикалык символу болуп саналат. Айтматов адамзаттын келечегин техникалык прогресс эмес, руханий аң-сезимдин деңгээли аныктай турганын терең көрөгөчтүк менен белгилеген.

Эзелтен чечилбеген улуу талаш,

Канткенде адам уулу – адам болот ?

Түбөлүк чечилбеген улуу талаш,

Канткенде адам уулу – адам болот?

Бүгүнкү дүйнөдө туруктуу өнүгүү түшүнүгү көбүнчө экономикалык өсүш, инновациялык өнүгүү жана экологиялык коопсуздук маселелери менен байланыштуу каралып келет. Бирок акыркы мезгилдеги дүйнөлүк философиялык жана педагогикалык концепциялар туруктуу өнүгүүнүн өзөгүндө

руханий-адептик факторлор турушу керектигин көрсөтүүдө. Эгер адамдын аң-сезими гуманизм, жоопкерчилик жана тынчтык маданияты менен калыптанбаса, анда кандай гана технологиялык жетишкендик болбосун адамзаттын келечегин толук камсыздай албайт.

Колдонулган адабияттар

1. Айтматов Ч. Кылым карытар бир күн. - Бишкек: Кыргызстан, 2018.
2. Айтматов Ч. Кыямат. - Бишкек: Турар, 2016.
3. Айтматов Ч., Икеда Д. Ода величию духа. Диалог. - Москва: Известия, 1994.
4. Гумилев Л. Н. Этногенез и биосфера Земли. - Москва: Айрис-Пресс, 2007.
5. Мамбетакунов Э., Сияев Т. Педагогиканын негиздери. - Бишкек, 2002.
6. Макаренко А. С. Педагогическая поэма. - Москва: Художественная литература, 1987.
7. Сухомлинский В. А. Сердце отдаю детям. - Москва: Просвещение, 1981.
8. Ушинский К. Д. Человек как предмет воспитания. - Москва: Педагогика, 1990.

Рецензент:

УДК: 398.1; 298.22
DOI 10.58649/1694-9099-2026-2-124-127

Уразбаева К.А.
Жусуп Баласагын атындагы КУУ
УразбаеваК.А.
КНУ имени Жусупа Баласагына
Urazbaeva K.A.
KNU Jusup Balasagyn

ЭЛҮҮБАЙ ОТУНЧИЕВДИН “ЖЕҢИЖОК” ЧЫГАРМАСЫНДАГЫ АДАМ ЖАНА ТАБИЯТ МАСЕЛЕЛЕРИ
ПРОБЛЕМЫ ЧЕЛОВЕКА И ПРИРОДЫ В ПРОИЗВЕДЕНИИ “ЖЕНИЖОК” ЭЛУУБАЯ ОТУНЧИЕВА
THE PROBLEM OF MAN AND NATURE IN ELYUBAY OTUNCHIEV’S NOVEL “JENIJOK”

Кыскача мүнөздөмө: Бул макалада Элүүбай Отунчиевдин “Жеңижок” романындагы адам жана табият маселелери каралган. Кыргыз поэзиясындагы акындын орду философиялык чыгармачылык менен байланышкандыгы жана анын адам жана табият жөнүндөгү ой-толгоолоруна, поэтикалык өзгөчөлүктөрү изилдөөгө алынган. «Жеңижок» романындагы табият жана адамдын темасынын жеке өзгөчөлүгү жана ар бир импровизациялык табылга Жеңижокко гана тиешелүү экендигин факт-материалдардын негизинде далилдөөгө арналган.

Аннотация: В данной статье рассматриваются проблемы человека и природы в романе Элүүбай Отунчиев “Жеңижок”. Анализируется связь творчества акына с философским мировоззрением, а также исследуются его размышления о человеке и природе, поэтические особенности произведения. Статья посвящена доказательству того, что своеобразие темы человека и природы в романе «Жеңижок», а также каждая импровизационная находка являются индивидуальными особенностями, присущими исключительно Жеңижоку, что подтверждается на основе фактических материалов.

Abstract: This article examines the issues of human and nature in the novel “Jengijok” by Eluubai Otunchiev. The study analyzes the connection between the poet’s творчество and his philosophical worldview, as well as his reflections on human beings and nature and the poetic features of the work. The article aims to demonstrate, based on factual materials, that the distinctive interpretation of the theme of human and nature in